ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№3 ПРОТОКОЛУ**

*6-декабрь, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 33 мүчөсүнөн 27 мүчөсү бар.

**Каралуучу маселелер:**
1. Көз карандысыз аккредитациядан программаларды өткөрүү боюнча программалардын абалы жана өздүк отчеттор (*Баяндамачылар: К. Алымкулов, А. Сопуев, А. Аттокурова, Д. Тагаева, Г. Ободоева, М. Чамашев, Д. Турсунов, Айтбай кызы Айгүл, Ж. Артыкова, Ө. Имаралиев, Б. Азимов*);
2. Тандоо курстарын жана квалификациялык жумуштардын темаларын бекитүү:
а) тандоо курстарынын темаларын жана программаларын бекитүү;
б) квалификациялык жумуштардын жана магистрдик диссертациялардын темаларын жана алардын жетекчилерин бекитүү (*Баяндамачылар: кафедра башчылары, методикалык кеңештин жетекчиси, академиялык кеңешчилер*);
3. Ар түрдүү маселелер;

4. Конкурстук шайлоолор.

**Угулду**: *У. А. Сопуев (МИТ факультетинин деканы, доцент):* күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.

Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана 2-маселе боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

**1-маселе.** Көз карандысыз аккредитациядан программаларды өткөрүү боюнча программалардын абалы жана өздүк отчетторду талкуулоо.

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: биздин кафедрага тиешелүү болгон бакалавр багытында 3 программа жана магистр багытында 1 программа боюнча иш алып барып жатабыз. Бул программалар боюнча жумушчу топ түзүлүп, алар тиешелүү иштерди жүргүзүп жатышат. Андан сырткары отчет даярдалып жатат. Отчетту январь ичинде даярдап бүтөбүз.

*А.Д.Аттокурова (МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент)*: Физика-математика багытын аккредитациядан өткөрүү милдети турат. Аккредитациядан өтүүнү 2019-20-жылга пландаштырып жатабыз. Ар жуманан шейшемби күндөрү аккредитация боюнча семинарларды уюштуруп жатабыз. Андан сырткары отчетту кыргыз тилинде даярдап жатабыз. Башка кафедралар менен да байланышып, алар менен да отчетту талкуулап жатабыз.

*Папиева Т.М. (Алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы, доцент)*: эки багыт боюнча бүтүрүүчү кафедра болуп эсептелинебиз. НББП иштелип чыккан ички жана сырткы стейкхолдерлер менен иш жүргүзүлүп жатат. Ал үчүн бир топ жумуштар

аткарылып жатат. Стандарттар дээрлик жазылып бүттү. Бир эки талкуулай турган стандарттар калды.

Биринчи маселе боюнча программа жетекчилеринин маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинин бакалавр багыттарын жана магистр программаларын программалык аккредитациядан өткөрүү иштери жандандырылсын;
2. Аккредитациядан өтүү үчүн өздүк отчеттор текшерүүдөн өткөрүлсүн.

**2-маселе.** Тандоо курстарын жана квалификациялык жумуштардын темаларын бекитүү:
а) тандоо курстарынын темаларын жана программаларын бекитүү;
б) квалификациялык жумуштардын жана магистрдик диссертациялардын темаларын жана алардын жетекчилерин бекитүү.

**Угулду:** Экинчи маселе боюнча декандын окуу иштери боюнча тех.и.к., доцент Кудуев А.Ж. билдирүү жасады.

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, доцент Сопуев У.А. билдирүүнү колго салуу сунушун киргизди.
Окумуштуулар Кеңеши бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2003-жылдын 17-декабрында №1069/1 – буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн Мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы жөнүндөгү" Жобосуна ылайык 2019-20-окуу жылына Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин күндүзгү жана дистанттык бөлүмүнүн квалификациялык, магистрдик иштеринин темалары, илимий жетекчилери бекитилсин.

**3-маселе**
**Ар түрдүү маселелер:**

Чехиянын Оломоуц университетинин профессору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Йозеф Микешке «ОшМУнун ардактуу профессору» наамын ыйгаруу жөнүндө.

**Угулду**: *У. А. Сопуев (МИТ факультетинин деканы, доцент):* Чехиянын Оломоуц университетинин профессору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Йозеф Микеш ОшМУга илимий кадрларды даярдоодо чоң салымдарды кошуп келүүдө. Ал 2004-жылы профессор Г. Матиеванын доктордук диссертациясын, доценттер Т.М. Папиева (2013), Ж.А. Артыкова (2014), Н.Н. Курбанбаевалардын (2016) 01.01.04 – геометрия жана топология адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларын коргоодо расмий оппонент катары аткарылган илимий иштерине өзүнүн оң пикирин билдирип, сунуштарын берген.

Жыл сайын профессор Й. Микеш өз эсебинен Ош жергесине келип, кафедранын жаш окутуучуларына жана магистрлерине Европанын окутуу системасындагы өзгөчөлүктөрү жана илимий-изилдөө багытындагы олуттуу проблемалары менен ой бөлүшүп, лекция-семинарларды өтүп келет. Професордун үч окуучусу Бишкек шаарынын жогорку окуу жайларында эмгектенип келишет. Ал эми 2013-жылы Араван районуна караштуу “Чөгөм” орто мектебинде мугалимдерге окутуунун жаңы технологиялары боюнча семинар-тренинг өтүп, мектептин жетекчилигинин атынан ыраазычылык катары “Мектептин ардактуу профессору” деген сертификат алган. Ушулардан улам профессор Йозеф Микеш ОшМУга гана эмес Кыргызстанга илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо зор салымдарды кошкон деп эсептөөгө болот. Ошондуктан, профессор Йозеф Микешке «ОшМУнун ардактуу профессору» наамын ыйгаруу сунушун кийирем.

*Г. Матиева (ф.-м.и.д., профессор):* Мен профессор Йозеф Микештин Кыргызстанга илимий-педагогикалык кадрларды даярдоодо зор салымдарды кошкондугун эске алуу менен Уланбек Адахимжановичтин сунушун толугу менен колдойм.

Окумуштуулар Кеңеши бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1) Чехиянын Оломоуц университетинин профессору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор Йозеф Микешке «ОшМУнун ардактуу профессору» наамы сунушталсын.

2) Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

**4-маселе**
**Конкурстук шайлоолор:**

1) МИТ факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору, физика-математика илимдеринин доктору Алымкулов Келдибайды аталган кафедранын профессору кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-27

“Каршы”-жок

“Калыс”-жок

“Жараксыз”-жок

Баары-27

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору, физика-математика илимдеринин доктору Алымкулов Келдибай аталган кафедранын профессору кызмат орунга шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору, физика-математика илимдеринин доктору Алымкулов Келдибай аталган кафедранын профессору кызмат орунга шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

2) МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Айтбай кызы Айгүлдү аталган кафедранын доценти кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү.

**Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:**

“Макул”-27

“Каршы”-жок

“Калыс”-жок

“Жараксыз”-жок

Баары-27

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ** кылат:

1. МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, педагогика илиминин кандидаты Айтбай кызы Айгүл аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайланды деп эсептелсин;

2. МИТ факультетинин программалоо кафедрасынын доценти, педагогика илиминин кандидаты Айтбай кызы Айгүл аталган кафедранын доценти кызмат ордуна шайлангандыгы боюнча чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.